Жыргалаң айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын
2022-жылдын 16-мартындагы кезексиз XII- сессиясынын № 12 токтомунун № 1 тиркемеси

**Жыргалаң айыл аймагынын Жыргалаң айылында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө**

# ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
3. Маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү тартиби
4. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссия жана кызмат адамдары
5. Жергиликтүү комиссия
6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттардын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты Жыргалаң айылында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчилике, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-санаасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс көрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санасын жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## 2. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

2.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик той, жентек той, тушоо кесүү той, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) той, куда тосуу, маарекелик салтанаттар ж.б. кирет.

2.2. Үй-бүлөлүк салтанаттар айылдарда жана башка калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча киргизилген чектөөлөрдү жана тыюларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

2.3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүдө:

- Үйлөнүү-үлпөт тойлордо ашыкча ысырапкерчиликке жол берилбестен, 2-баш койдон ашык союга тыюу салынат. Тойлорго чакырылган адамдын саны 70- адамдан ашпоого тийиш, ал эми сейилдөөгө чыккан автоунаалар 3-төн ашпасын;

- Үйлөнүү-үлпөт тойлордо "себет алмашуу", "түштөндүрүү", "кийит кийгизүү" жана белектерди таратуу кыскартылсын;

- Жентек, бешик той, тушоо той, баланы сүннөткө отургузуу, юбилейлер үй-бүлөлүк майрам катары белгиленип, жакын туугандарынын катышуусунда 70- адамдан ашырбай өткөрүлсүн;

- Той ээси үйлөнүү-үлпөт тойлордо, үй-бүлөлүк салтанаттарда көп каражат сарптоонун ордуна айыл элинин социалдык-экономикалык жашоо-шартын оңдоо үчүн (айылда орун алган социалдык мекемелерди оңдоп-түзөө, аз камсыз, муктаж үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү ж.б.) сарптоо сунушталсын

## 3. Маркумду акыркы сапарга узатуу, эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби:

- Маркумду акыркы сапарга узатууда бардык малдын түрүн союуга тыюу салынат. Дасторкон даярдоодо ашыкча ысырапкерчиликке жол берилбесин (салаттардын түрлөрү, алма, ашпурт, жер жемиштер жана башка кымбат азык түлүктөр коюлбайт).

- Сөөк коюуда маркум менен коштошууга жана жаназа окууга катышуучулардын саны чектелбейт;

- Сөөк чыккан үйдөн баштык, устукан, жыртыш таратылбасын. Аза күткөн үй-бүлөгө көңүл айтууга, куран окутууга келгенде баштык көтөрүп келүүгө тыюу салынсын, анын ордуна Жыргалаң айылындагы ар бир түтүн 100 сомдон акчалай жардам көрсөтүү сунушталсын;

- Кыркылыгы, ашы үй ээсинин шартына жараша мал союп, өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берилет;

- Маркумдун жакындарына кафелерде киши топтоп каадаларды өткөрүүгө тыюу салынсын;

- Маркумдун үй-бүлө мүчөлөрү эскерүү зыйнаттарында көп каражат сарптоонун ордуна айыл элинин социалдык-экономикалык жашоо-шартын оңдоо үчүн (айылда орун алган социалдык мекемелерди оңдоп-түзөө, аз камсыз, муктаж үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү ж.б.) сарптоо сунушталсын.

Маркумду эскерүү ырым-жырымдары Жыргалаң айылында калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча өткөрүлөт.

## 4. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары

Жобого ылайык үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү органдар жана кызмат адамдарына айыл өкмөтүнүн башчысы, жергиликтүү комиссия кирет. Комиссия өздөрүнүн ишин документтештирет.

## 5. Жергиликтүү комиссия

5.1 Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн башчысы, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, маданият үйүнүн башчысы, Ак-Суу РИИБүнүн ыйгарым өкүлү (участковый), ардагерлер, аялдар жана жаштар кеңештеринин, аксакалдар сотунун, дин кызматкерлердин өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын тескемеси менен бекитилет.

5.2. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эскерүү ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинен коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.

## 6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

6.1. Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексинде, жергиликтүү жамааттын уставында жана айылдын ички мыйзамдарына, эрежелеринде каралган (элдик курултай, айылдык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат;

6.2. Сөөк коюуда, маркумду эскерүү, үйлөнүү-үлпөт тойлорун жана башка үй-бүлөлүк иш чараларды өткөрүүдө айыл өкмөт башчысына, маалымдап коюу жагы милдеттендирилсин.

Жооптуу катчы П.С. Кокоев